ОшМУнун МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын

№6 чогулушунун протоколунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

*2025.30.09*

*Ош шаары*

*Төрага -  Жолдошов Т.М.*

*Катчы – Мамадиярова А.А.*

*Катышкандар:  кафедранын мүчөлөрү(тизме тиркелет).*

**К Ү Н   Т А Р Т И Б И:**

**4. АР ТҮРДҮҮ МАСЕЛЕ**

4.1. КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру С. Ө. Турдукулов тарабынан «Логикалык операторлорду колдонуу (&&, ||, !) жана шарттык операторлор менен иштөө» темасында өткөрүлгөн ачык лабораториялык сабактын жыйынтыгы жөнүндө.

**УГУЛДУ:**

КМИГД кафедрасынын башчысы тех.и.к., доцент Т.М. Жолдошов КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру С. Ө. Турдукулов тарабынан 2025-жылдын 24-сентябрында 510200 – «Колдонмо математика жана информатика» адистигинин КМИ(б)-1-24 тайпасына КМИГД кафедрасынын окутуучусу С.Ө. Турдукулов тарабынан «Скрипт тилдерин программалоо» дисциплинасы боюнча «Логикалык операторлорду колдонуу (&&, ||, !) жана шарттык операторлор менен иштөө» темасында ачык сабак өткөрүлгөндүгү белгиленди.

**Сабактын билим берүүчүлүк максаты:**

– Студенттерге логикалык операторлордун маанисин түшүндүрүү жана аларды шарттык операторлор менен айкалыштырып колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу болду.

Сабакта студенттер логикалык операторлордун иштөө принциптери жана алардын программалоодо колдонулушу тууралуу маалымат алышты. Сабак уюштуруучулук бөлүктөн башталып, студенттер менен темага байланыштуу түшүндүрмөлөр жана мисалдар талкууланды.

**Сабак төмөнкү план боюнча жүргүзүлдү:**

1. Логикалык операторлорду (&&, ||, !) колдонуу негиздерин түшүндүрүү;
2. Шарттык операторлорду (if, else if, else, switch) колдонуу мисалдары менен таанышуу;
3. Логикалык жана шарттык операторлорду айкалыштырып программаларды түзүү;
4. Практикалык тапшырмалар аркылуу операторлордун ишин текшерүү.

Сабак учурунда студенттер логикалык операторлорду колдонуу менен ар кандай шарттарды текшерген программаларды түзүп көрүштү. Практикалык тапшырмалар аркылуу студенттер алган теориялык билимдерин практика жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк алышты.

Сабакта ноутбуктар жана Eiboard интерактивдүү доскасы колдонулду. Окутууда компьютердик жана информациялык технологиялар, оюн технологиялары, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү жана чакан тайпаларда иштөө методдору пайдаланылды.

Сабактын жыйынтыгында студенттер логикалык операторлордун маанисин түшүнүп, аларды шарттык операторлор менен айкалыштырып колдонуу боюнча практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүштү. Студенттер логикалык жана шарттык операторлорду колдонуу аркылуу ар кандай программалык мисалдарды түзүп, алардын иштөө принциптерин талдап чыгышканын айтып өттү.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

4.1 КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру С. Ө. Турдукулов тарабынан тарабынан «Логикалык операторлорду колдонуу (&&, ||, !) жана шарттык операторлор менен иштөө» темасында өткөрүлгөн ачык лабораториялык сабак өткөрүлгөндүгү белгиленсин.

4.2. Ачык сабак боюнча айтылган сунуш-пикирлер эске алынып, мындан аркы окутуу процессинде колдонулсун.

4.3. Окутуучуга мындан ары дагы окутуунун сапатын жогорулатуу багытында иш алып баруу сунушталсын.

*Төрага:* *Т.М. Жолдошов*

*Катчы:* *А.М. Мамадиярова*